**Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар кеңешинин отурумунун №1 ПРОТОКОЛУ**

**2022-жылдын 1-октябры** **Ош шаары**

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы:** Айтикеев Т.К.
**Мүчөлөрү:** Абдыкулов М.О.,Үсөн уулу М., Каримов К.Ж.,ж.б. окутуучулар.

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

1. 2022-2023, 2023-2024 окуу жылдарына карата Окумуштуулар Кеңешинин курамын тааныштыруу жана аны бекитүү
2. 2022-2023-окуу жылына карата Окумуштуулар Кеңешинин иш планын жана факультеттин бардык структуралардын иш-пландарын бекитүү.
3. Ар түрдүү маселелер.

**1. 2022-2023, 2023-2024 окуу жылдарына карата Окумуштуулар Кеңешинин курамын тааныштыруу.**

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Т.К. Айтикеев 2022-2023, 2023-2024 окуу жылдарына карата Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар Кеңешинин курамы менен тааныштырып, анын ичинен бир мүчөсү шартка байланыштуу келе албай калгандыгын, ошентсе да кворум бар экендигин билдирди жана окумуштуулар кеңешинин курамын 2022-2023, 2023-2024 окуу жылдарына кайрадан жаңылап бекитүүнү добушка койду.

Макул – 14;
Каршы – жок;
Калыс – жок.

Окумуштуулар кеңешинин курамы бир добуш менен бекитилди.

**2. 2022-2023-окуу жылына карата Окумуштуулар Кеңешинин иш планын жана факультеттин бардык структуралардын иш-пландарын бекитүү.**

2022-2023-окуу жылына карата Окумуштуулар Кеңешинин иш планы жана факультеттин иш-планы менен Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Т.К. Айтикеев жалпы курамды толук тааныштырып өттү. Андан соң факультеттин магистратура бөлүмүнүн жетекчиси, “Кытай тили жана кытай таануу” кафедрасынын улук окутуучусу, Алымбекова В.А., Кытай тили жана кытай таануу кафедрасынын башчысынын м.а. Абдыкулов М.О. жана Окумуштуулар Кеңешинин жалпы курамы аны талкуулашты жана кээ бир жерлерин оңдоп, түзөтүүлөр айтылган соң факультеттин Окумуштуулар Кеңешинин иш планынан сырткары бардык структуралары иш-планы менен таныштырып өттү. Мында Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Т.К., декандын окуу иштери жана келишимдик акы боюнча орун басары, “Кытай тили жана кытай таануу” кафедрасынын ага окутуучусу, Үсөн уулу М., ошондой эле Окумуштуулар Кеңешинин жалпы курамы аны талкуулашып оңдотуу, түзөтүүлөрдү киргизишти. Мындан кийин талкуулоонун негизинде Окумуштуулар Кеңешинин жана факультеттин иш-планын бекитүүнү төрага добушка койду.

Макул – 14;
Каршы – жок;
Калыс – жок.

Окумуштуулар Кеңешинин жана факультеттин бардык стуруктураларынын иш-планы бир добуш менен бекитилди.

**3. Ар түрдүү маселелер.**

3.1 Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Т. К. Айтикеев ОшМУ тарабынан “Ош шамы” Гезитинин 2022-жылдын июнь айындагы №18 (1572) санына вакантык кызматтарга конкурс жарыялангандыгын, анын ичинде Кытай тили жана кытай таануу кафедрасында ага жана улук окутуучулук вакантык кызмат берилгендигин айтты. Бул кызматка конкурстук шайлоого катышууга декандын окуу иштери жана келишимдик акы боюнча орун басары Үсөн уулу Маматаир ага окутуучулук кызматына жана факультеттин усулдук кеңешинин төрайымы, “Кытай тили жана кытай таануу” кафедрасынын окутуучусу Абдыкаарова Т.М. сунуштап жана аны факультеттин Окумуштуулар кенеши карап бекитип берүүсү керектигин белгиледи. Ошондой эле Абдыкаарова Т.М. жана Үсөн уулу Маматаирдин окуу-методикалык, илимий жана коомдук ишмердүүлүкторунө токтолуп, андан соң бекитүүнү добушка койду.

Макул – 14;
Каршы – жок;
Калыс – жок.
Бир добуш менен бекитилди.

3.2 Кытай тили жана кытай таануу кафедрасынын башчысы Абдыкулов Марат кафедрадагы профессордук окутуучулук курамдын чет элдик кесиптештер менен тажрыйба алмашуусун жандантуу, билим берүү сапатын көтөрүү максатында ОшМУнун Конфуций Институту жана Кытайдагы өнөктөш окуу жайлар менен биргеликте жаңы 2022-2023 окуу жылы үчүн “Устат - шакирт” программасын тааныштырды жана ишке ашыруу сунушун киргизди.

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Т.К., Факультеттин магистратура бөлүмүнүн жетекчиси, “Кытай тили жана кытай таануу” кафедрасынын улук окутуучусу Алымбекова В.А. Бул сунушка кафедранын окутуучулук курамы негизи жаштардан куралгандыктан башка кесиптештер менен тажрыйба алмашууга аябай муктаж. “Устат шакирт” программасы кафедрадагы билим берүү сапатын көтөрүүгө өбөлгө түзөт деп ойлойм, анткени күн сайын өздөрүнүн насаатчы кесиптештери менен байланышта болгон окутуучуларда профессионалдык өсүш болорун айтышты

Андан соң Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Т. К. Айтикеев Кытай тили жана кытай таануу кафедрасынын башчысы Абдыкулов Марат сунуштаган “Устат - шакирт” программасын бекитип берүү жагын Окумуштуулар кеңешинин курамына сунуштады

Макул – 14;
Каршы – жок;
Калыс – жок.
Бир добуш менен бекитилди.

3.3 Кытай тили жана кытай таануу кафедрасынын башчысы Абдыкулов Марат 531100 Лингвистика, 532300 Кытай таануу, 531000 Филология Программалык инженерия 710400. профилдер: 1) Информатика жана технологиялар 2) Электрондук маалымат инженериясы программаларынын стандартын талкуулоо, окуу–пландарын иштеп чыгуу жөнүндө билдирүү менен тааныштырды (окуу пландары тиркелет).

Мында Үсөн уулу М., Алымбекова В.А., Абдыкаарова Т., Каримов К.Ж. сөзгө чыгышып. 531100 Лингвистика, 532300 Кытай таануу, 531000 Филология Программалык инженерия 710400. профилдер: 1) Информатика жана технологиялар 2) Электрондук маалымат инженериясы программаларынын окуу пландарын иштеп чыгуу жөнүндө өз ойлорун айтышып, кемчиликтерди толуктоо менен кабыл алышсын деп бекитүүгө сунуш кылышты.

Андан соң Окумуштуулар кеңешинин төрагасы Т.К. Айтикеев 531100 Лингвистика, 532300 Кытай таануу, 531000 Филология Программалык инженерия 710400. профилдер: 1) Информатика жана технологиялар 2) Электрондук маалымат инженериясы программаларынын стандартын талкуулоо, окуу пландарын иштеп чыгууга жана бекитүүнү добушка койду.

Добуш берүүнүн жыйынтыгы:
Макул-14:
«Каршы - жок,
«Калис- -жок.

*Күн тартибиндеги маселелерди карап чыгып,*

**Кыргыз-Кытай факультетинин Окумуштуулар**
**КЕҢЕШИ токтом кылат:**

1. 2022-2023, 2023-2024 окуу жылдарына карата Окумуштуулар Кеңешинин курамы бекитилсин.
2. 2022-2023-окуу жылына карата Окумуштуулар Кеңешинин иш планы жана факультеттин ички структурасы боюнча түзүлгөн иш пландар бекитилсин.

3.1. Үсөн уулу Маматаир жана Абдыкаарова Т.М. кандидатурасы "Кытай тили жана кытай таануу" кафедрасынын ага, улук окутуучу ваканттык кызмат ордун ээлөө үчүн конкурстук шайлоого катышууга сунушталсын

3.2. ОшМУнун Конфуций Институту жана Кытайдагы өнөктөш окуу жайлар менен биргеликте жаңы 2022-2023 окуу жылы үчүн "Устат - шакирт" программасы ишке ашырылсын

3.3. 531100 Лингвистика, 532300 Кытай таануу, 531000 Филология 710400 (Профилдер) Программалык инженерия: ( 1) Информатика жана технологиялар 2) Электрондук маалымат инженериясы ) программаларынын окуу пландары иштелип чыгып, кемчиликтерин оңдоп түзө менен кабыл алынсын жана бекитүүгө сунушталсын.

**Кыргыз-Кытай факультетинин**
**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы:** **Т.К. Айтикеев**

**Кыргыз-Кытай факультетинин**
**Окумуштуулар кеңешинин катчысы:** **М.М. Таштанова**